КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2025- жылдын 25-марты № 6/27**

**Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2024-жылдын 13-сентябрындагы № 44/172 "Кызыл-Кыя шаарындагы Бөкөнбаев-Баялинов көчөлөрүнө саркынды суу түтүктөрүн куруу үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылды 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, маселе шаардык кенештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 24-мартындагы №7 протоколу менен каралып, такталгандыгын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2024–жылдын 13–сентябрындагы №44/172 "Кызыл-Кыя шаарындагы Бөкөнбаев-Баялинов көчөлөрүнө саркынды суу түтүктөрүн куруу үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө" токтомунун 1-пунктундагы "4 750 000 (төрт миллион жети жүз элүү мин)" деген сөз өзгөртүлүп " 4 942 969 ( төрт миллион тогуз жүз кырк эки мин тогуз жүз алтымыш тогуз)" деп окулсун.
2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Аматов**